DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Эшмамбетова Н.*

# АСАНБЕК СТАМОВДУН «ХАН ТЕЙИШ» РОМАНЫНДА КАЛМАК ДООРУНУН КӨРКӨМ ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ

*Эшмамбетова Н.*

# ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ЭПОХИ КАЛМЫКОВ В РОМАНЕ АСАНБЕКА СТАМОВА «ХАН ТЕЙИШ»

*N. Eshmambetova*

# ARTISTIC INTERPRETATION OF THE KALMYK ERA IN THE NOVEL «KHAN TEYISH» BY ASANBEK STAMOV

*УДК: 821.111:82 (575.2)(043)*

*Макалада А.Стамовдун "Хан Тейиш" романында колдонулган тарыхый чындыктын көркөм интерпретациялоо аракеттери каралат. Анын кыргыз тарыхый романдарына алып келген жаңылыгы адабият таануу илиминде ээлеген орду талдоого алынат. Айрым тарыхый окуяларга толуктоонун зарылдыгын көрсөткөнү, аны таанып-билүү үчүн керектелүүчү жагдайда каралууга тийиш болгон айрым теориялык маселелер да кепке алынат. Ошондой эле А.Стамовдун роман жанрын жасаган чыгармачыл мамилеси көркөм интерпретациялоонун табиятына кандай таасирин тийгизгени да аталган маселеге байланыштырылат. Улуттук адабиятта кездешкен романдын жанрдык түрүн колдонууда жазуучу тарыхый абалга жасаган жазуучулук чеберчилиги калмак доорунун кыргыз тарыхында ээлеген ордун көрсөтүү менен бирге көркөм-адабий чыгармачылыкта кандай табылгаларды бергени талдоо жумуштарында ачылат, б.а. автор тарабынан жаралган ийгиликке анализ берүү жумуштары жүргүзүлөт.*

***Негизги сөздөр:** тарыхый роман, жанр, көркөм интерпретация, тарыхый элес, көркөм кабылдоо, көркөм чындык, тарыхый маалымат.*

*В статье рассматриваются художественные интерпретации исторической действительности в романе А.Стамова "Хан Тейиш". Анализируется его новшество и место в кыргызских исторических романах. Указывается на необходимость прояснения исторических событий и некоторых теоретических проблем. Также рассматриваются творческое отношение А.Стамова к жанру романа с художественной интерпретации и его влияния на вышеназванную проблему. Писатель творчески использовал в своем романе эпоху калмыков, и определил её место в кыргызской истории.*

***Ключевые слова:** исторический роман, жанр, художественная интерпретация, исторический образ, художественное восприятие, художественная правда, историческая информация.*

*The article examines artistic interpretations of historical reality in the novel "Khan Teiish" by A.Stamov. Its innovation and place in Kyrgyz historical novels are analyzed. The need to clarify historical events and some theoretical problems is pointed out. It also examines the creative attitude of A. Stamov to the genre of the novel with artistic interpretation and its influence on the above problem. The writer creatively used the Kalmyk era in his novel, and determined its place in Kyrgyz history.*

***Key words:** historical novel, genre, artistic interpretation, historical image, artistic perception, artistic truth, historical information.*

Кыргыз элинин калмактар менен болгон согушу улуттук тарыхта «калмак доору» деген аталыш менен өтө маанилүү орунду ээлейт. Бул доор кыргыз элдик оозеки чыгармачылыкта көптөгөн эпикалык чыгармалардын сюжеттик курамын түзүп, бир катар классикалык образды бере алганы менен да айырмаланат. Ушул доорду өзүнүн идеялык мазмунун кылып алган эпостор менен поэмалар азыркы учурда да өзүнүн адабий-эстетикалык баасын жогото элек. Ал тургай аны баяндаган сюжеттерге улам кийинки муундун өкүлдөрү чыгармачыл мамиле кылгандыгынын натыйжасында жаңы адабий-эстетикалык көркөм дөөлөткө ээ болуп, ага кайрылган акын-жазуучулардын адабий ой жүгүртүүсүнүн чеберчилигин да көрсөтүүгө жетишкен. Ага мисал катары өткөн доордо жазылган К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасы, К.Маликовдун «Жаңыл» драмасы, С.Эралиевдин «Жаңыл Мырзанын керээзи» поэмасы сыяктуу чыгармаларды мисал катары келтирсек, мындай көрүнүштү элдик чыгармаларга байланыштырып жазылган К.Жантөшевдин «Курманбек», Ш.Садыбакасовдун «Ак боз ат», ж.б. драмалык чыгармаларды айтууга болот. Ошондой эле бул доордун тарыхый маанисин, ал мезгилде жасаган кыргыз элинин баатырдыгын, улут катары биримдикке ээ болгон касиеттерин элге жеткирүү максатында оозеки айтылып келе жаткан түрдүү уламыштар, аңыз кептер жана санжыралар кыргыз тарыхынын «актай барактарын» элестетип

DOI:10.26104/IVK.2019.45



түшүнүүгө тикелей кызмат көрсөтүп келгенин да белгилеп коюуга тийишпиз. Мында улуттук тарыхтын өзөгүн түзгөн окуяларды чагылдыруу кандай маанилүү болуп саналса, аны жогорку деңгээлде кийинки урпактарга түшүндүрүү үчүн зарыл болгон түрдүү формаларды издөө андан да зор чеберчиликти талап кылганы талашсыз.

Көчмөн турмуш, ага негизделген жашоо образы көркөм-адабий ойлоонун өзүнө таандык белгилери менен «калмак доорунда» болуп өткөн тарыхый окуяларга чыгармачылык менен мамиле жасап, бир катар тарыхый маалыматтарды сактап калган. Аны кыргыз элинин таланттуу уул-кыздары өздөрүнүн шык-жөндөмүнө жараша ишке ашырса да, ар бир тарыхый окуянын көркөм интерпретацияланышы уникалдуу мүнөзгө ээ болуп саналат. Тагыраак айтканда, ошондой чыгармалардын ири жетишкендиктери кыргыз эли басып өткөн тарыхый доорлордун изин сактап, улуттун байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө келип жеткенин ырастоочу факты-материалдарды берип отурат [1]. Анын ролу кыргыз журту өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан кийин ого бетер жогорулады. Анткени Орто Азия чөлкөмүндө байыркы улуттардын бири катары мыйзамдуу ордун көрсөтүү үчүн өзү басып өткөн тарыхый доорлордун «изин» табууга, аны тарыхый даректер менен далилдөө аракетине көмөк көрсөтүү максатында кыргыз акын-жазуучулары тарыхый тематикада өздөрүнүн чыгармаларын окурманга сунуштоо аракетин көрүштү. Ушундай кырдаал башка жанрлардай эле романды да кучагына алды.

«Калмак доорунун» тарыхый табиятын ачуу менен кыргыз элинин орто кылымдардагы абалын, андагы коомдук-саясий түзүлүшүн, социалдык-маданий өзөгүн түзгөн элдүүлүгүн, аймактык чектерин, жашоо образын, дүйнө-мүлкүн, нравалык-моралдык түшүнүктөрүн көркөм-элестүү адабий баалуулуктардын нарк-насилинде жарандык коомго жеткирүү маселесин туура түшүнгөн жазуучулар да болду. Маселен, А.Стамов «Хан Тейиш» романында ушул замандын тарыхый жүзүн ачуу маселесине кайрылса, А.Рыскулов «Атакенин ак болотунда» ошол доордун тарыхый элесин жеке дүйнө кабылдоосу аркылуу көркөм интерпретациялоо аракетин көрдү. Ырас, эки жазуучу тең аталган доордун тарыхый образын түзүү үчүн ошол заманды изилдеген илимий эмгектер менен жакындан таанышып, даректүү факты-материалдарды окуп, өздөрүнүн көркөм кабылдоосун түзгөнү анык. А.Стамов өзүнүн романында ошол заманда элинин азаттыгы үчүн күрөшкөн кыргыздын чыгаан уул-кыздарынын аракетин толугу менен камтууга басым жасап, кандуу кармаштарда жанын аябай кырылган эр-азаматтардын көркөм элесин азыркы окурманга так өзүндөй жеткирүү камын көргөнүнө да дал ушул «Хан Тейиш» романы күбө болуп берет. Бirimдик менен душманды өз жеринен кубалап чыгуу кыргыздар үчүн оңойго турган эмес. Бирде калмактардын каршылыгына туруштук бере албай, эл тыптыйпыл кырылганга чейин барса да, бирөөнүн алдында кор болбой жашоо кумары – теңдик үчүн болгон согуш ар бир жарандын улуттук-мекенчил сезимин ойготуп, кайрадан кыргынга барууга аргасыз кылган болсо, «Хан тейиште» мына ушул вазыйпа жазуучунун жеке дүйнө кабылдоосу аркылуу көркөм инрепретацияга туш болот.

Жазуучулук дүйнө таанымы калыптанып калган А.Стамов тарыхый даректердин буга чейин сакталып калган «изин» кубалап, өзгөчө эл кадырлаган көркөм-эстетикалык касиетин табуу үчүн фольклордук сюжеттерге кайрылбай коё алган эмес. Өзгөчө романда элдин азаттыгы үчүн күрөшкөн баатырлардын көркөм образын түзүүгө улуттук тарыхтын өзөгүн фольклордук чыгармаларда калыптандырып кеткен адабий чыгармалардагы үлгүлөр маанилүү роль ойноп [2], аларды кеңири өздөштүрүү менен автор өздүк көркөм аңдаштыруусун жаратканын байкоого болот. Мында автор калмак доорунун маанисин көркөмдүк жактан так көрсөтүү үчүн кыргыз эли оозеки көркөм адабиятында түзгөн адабий-эстетикалык туундуларды чыгармачылык менен пайдалануу максатында бир катар изденүүлөрдү жүргүзгөнү талашсыз. Роман хан Тейишти тарыхый окуяларды чагылдырып берүүдө негизги «ядро кылып» алганы менен аталган согушта кыргыз элинин эгемендүүлүгү үчүн активдүү күрөшкөн тарыхый инсандар – Эшим хан, Көкүм бий, Чаа бий, Манап бий, Жарбаң баатыр, Талкан бий, Алакчын баатыр, эр Кошой, эр Солтоной, Бердике берен эр Табылды, Улак баатыр, Түлкү баатыр сыяктуулар өздөрүнүн жасаган эмгектерине жараша жайгаштырылган. Мыкты эрдиктери менен элдик даңазага ээ болгон тарыхый инсандардын образдары тарыхый изилдөөлөрдө маанилүү орунда туруп, ошол заманда аткарган жумуштары белгилүү өлчөмдө изилдөөчүлөр тарабынан баасын алганы талашсыз. Бирок аты аталган тарыхый инсандардын ошол мезгилде жасаган эрдиктери кийинки урпактарга даректүү фактылар менен супсак изилдөөлөр менен түшүндүрүлгөн касиети анча таасирдүү болбой, өзгөчө оозеки чыгармалардагы касиетиндей берилген көркөм баяндоону окурман талап кылып жатканын А.Стамов өз учурунда жакшы байкаган да романдын жанрдык

DOI:10.26104/IVK.2019.45



табиятында ачып берүүгө умтулган.

Жалпы окурмандардын тарыхый чындыкты туура жана жеткиликтүү аңдаштыруусу үчүн А.Стамов кыргыз эли иштеп чыккан көркөм интерпретациялоонун эрежелерин чыгармачылык менен өздөштүрүү аракетин көрүп, улуттук фольклордо көркөм-эстетикалык дөөлөт түзүүгө зор мүмкүнчүлүк берген ыкусулдарды да жеке чеберчилигинен өткөрүүгө да жетишкен. Ал ошол кылымдагы тарыхый окуялар өзөгүн түзгөн элдик чыгармалардын ийгиликтерине кайрылууга авторду аргасыз кылуу менен бирге аларда башкы каарман катары орун алып, чыгармачыл адамдардын дүйнө таанымында ар тараптуу вариацияланып, ар кыл мазмунга ээ адабий-эстетикалык шөкөттөөлөр аркылуу көркөм образдуулукта кездешүүчү идеялык-философиялык мазмунду жаратууга жетишкен фольклордук интерпретацияны да синтездөө жумуштарын жазуучуга милдеттендирген.

Кыргыздын көчмөн турмушу, ага ылайыкташкан дүйнө тааным XV-XVIII кылымдардагы тарыхый бурулуштарды, коомдук-саясий өзгөрүүлөрдү ошол замандарда жашаган белгилүү инсандардын эли үчүн жасаган эмгектерин кийинки муунга жеткирүү максатында жараткан лирикалык жана эпикалык чыгармалардын идеялык мазмунунда сактап келген болсо, А.Стамов анын баарын тең чыгармачылык менен таанып-билүүгө умтулуп, анын натыйжасында элдин кубанычы, кайгы-муңу терең аралашып, автордун жеке кабылдоосу аркылуу көркөм баяндалган. Роман көркөм интерпретацияны колдонуу шартында тарыхый образдарды даңазалоо аракети менен чектелген эмес, аны ошол доордун реалдуу элесин көрсөтүү максатында колдонуп, көркөмдөштүрүү боёкторун тарыхый инсандардын портретин түзүүгө пайдаланып, иштелиш жагынан көркөм образдардын ишенимдүү болушу үчүн алар катышкан окуяларда лиризм, бийик романтика эсепсиз керектелген. Мындай көркөм интерпретациялоо жумуштары элдин кагазга жазылбай тарыхында маанилүү орунда турган калмак доорунун тарыхый-социалдык өзгөчөлүгүн, оозеки түрүндөгү тарыхый булак катары эсептелинген санжырада айтылып, эл тарабынан түзүлгөн сюжеттик өнүгүштү ооздон-оозго баяндап жеткирүүдө элдик таланттардын көкүрөгүндө сакталып, журт баатырларынын кылган кызматын ынанымдуу көрсөтүү боюнча иштелип чыккан табылгаларына да автордук чеберчиликте мамиле кылуу зарылдыгын түзгөн. Ал ошол доордо элдин эркиндиги, мамлекеттин эгемендүүлүгү үчүн күрөшкөн тарыхый инсандардын жасаган эрдиктерин даректүү окуяларга «байлап», анын негизинде пендечиликке мүнөздүү жашоо белгилерин көрсөтүү, ар биринин жеке тагдырына тиешелүү окуяларды камтуу зарылдыгынан келип чыккан түйшүктөрдү ишенимдүү чечүү максатында улуттук адабиятта буга чейин көрөңгөлөнгөн көркөм интерпретациялоонун бардык белгилерин пайдаланганы белгилүү болот. Аны автор төмөнкүдөй түшүндүрөт: «…Тагай бийдин доорунан тартып, кыргыздар жунгар-ойротторду өз Ата Мекенинен биротоло кууп чыккан 1758-жылдын ортосундагы мезгилди жазма булактар үстүртөн изилдегенин көрдүм. Аталган жунгар-ойрот баскынчыларынын заманы жөнүндө илимий эмгектер, доктордук диссертациялар жокко эсе болуп чыкты. Мындан бөлөк ал доорду чагылдырган көркөм прозаны жолуктурбадым. Демек, жунгар-ойрот доорун жазууга бир кыргыз азаматы башын сайбай, ага көбүнүн жүрөгү даабаптыр. Чабылбаган түнт жолду ким басат, бузулбаган дыңды ким бузат. Андыктан, мага тарыхый булактарды окуп, жан кыйноого тура келди. Ошентип, бул тарыхый тема менин тагдырыма дал келип отурат.

Романды жазуу мага оор болсо, экинчи жагынан итапкан жеңилге турду. Оңой жагы – менин дүйнөлүк тарых менен жакшы тааныштыгым. Көптөгөн тарыхый романдарды окуганым жардам берди. Өзгөчө мен үчүн өчпөгөн маяк: орус тилиндеги тарыхый булактар менен орус классиктеринин көркөм чыгармалары деп эсептейм» [3]. Алынган үзүндү көрсөтүп тургандай, улуттук тарыхта маанилүү изин калтырган инсандардын эмгегин аңдаштыруу, алардын өздүк касиетин ачкан көркөм образдуулукту издөөдө азыр калк арасында жокко эсе болуп бараткан даректердин мыйзамдуу ордун көрсөтүү максатында адабий чыгармачылык менен түздөн-түз байланышта турган окуяларды, мындай тарыхый кырдаалдын даректүү табиятын кыргыз адабиятында орун алган, б. а. калмактарды сүрүп чыгуу аракеттерин жогорку деңгээлде көргөзө алган чыгармалар түптөгөн адабий-эстетикалык дөөлөттөрдү да жазуучу романда ынанымду чеберчиликте пайдаланган. Адабий чыгарма жаратуу жазуучуга андай даректүү окуялар көркөм деталь катары зор милдетти аткарып, романда тарыхый мазмунга ээ согуштардын сүрөттөлүш мезгилин сапаттуу чагылдырууга көмөк көрсөтүү менен бирге кыргыз адабиятынын тарыхында эстетикалык мазмунда өз ордун таап калган көркөм табылгаларды кийинки муунга жеткирүүдө маанилүү кызмат көрсөткөнүн белгилей кетели. Анткени автордун дүйнө кабылдоосуна ылайык болуп өткөн тарыхый окуялар иргелип, сүрөткердин көркөмдөө чеберчилигине жараша өзгөрүүлөргө

DOI:10.26104/IVK.2019.45



дуушар болгону менен эл арасында мурдатан сакталып келген көркөм аңдаштырууну кыйгап өтүүгө «жол бербеген» жагдайлар көп кездешет. Ошол себептен бул темага кайрылган жазуучунун кимиси болбосун калк өзү калыптандырган айрым үлгүлөрдү сактоого аргасыз болоору анык.

Аны туура пайдалануу үчүн фольклордо орун алган коллективдүү ойлоонун бирдиктүү чеберчилигинде жетишкен бардык көркөм бийиктиктерди романдын ички табиятына ылайыкташтыруу, аңыз кептерде сакталган айрым сюжеттик окуяларды ыңгайлуу шарттарда аралаштыруу тарыхый мазмунду далилдөөчү түрдүү булактардан алынган маалыматтарды кыргыз турмушунун көркөм элесин түзүүгө мүмкүн болгон жагдайды туура тандоо жазуучунун алдында турса, өзү кайрылган доордун жүзүн ачып, андагы окуяларды нак өзүндөй сүрөттөө үчүн окурманга тааныш ык-усулдарды колдонуу авторго жеңилдик түзөөрүн А.Стамов жакшы билген. Тактап айтканда, мындай мамиле мурда колдонулган көркөм-эстетикалык табылгаларга таянып адабий дөөлөт түзүүгө жөндөмдүү чыгармачыл аракеттерди өркүндөтүүгө, көздөгөн проблеманы окурманга жетик түшүндүрүп берүү үчүн кошумча вариацияларды иштеп чыгууга, даяр сюжеттик окуяларга басым жасап буга чейин түптөлгөн доордун көркөм элесин туура кабылдоого багыт берген. Көптөгөн чыгармаларда катышып, элге таанымал каармандар улуттук көркөм адабиятта өзүнүн туруктуу ордун таап калгандыктан, ага кайрылган жазуучу кээ бир шарттардан улам өзгөрүүлөргө туш болгон оозеки үлгүлөрүндө айрым тарыхый чындыкты бүгүнкү күндүн кызыкчылыгы менен карап, тарыхый белгилерине керектүү шартта толуктоо киргизүүсү интерпретациялоонун чоң чеберчилигин талап кылат.

Муну жакшы түшүнгөн жазуучу романда башка элдерде сакталып калган тарыхый маалыматтарды туура пайдалануу менен кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларында сакталып калган айрым адабий-эстетикалык касиеттерди өркүндөтүүгө, өзгөчө эл маанилүү болгон орто кылымдан бери түптөлгөн көчмөн цивилизациянын коомдук-социалдык түзүлүшүн ачып берүүгө, эгемендүүлүккө ээ жеткен кыргыз элинин болушу тарыхый баскан жолун кийинки муун элестетип түшүнгүдөй абалды жаратууга таасирдүү кызмат көрсөтүүчү ыкма катары көркөм интерпретациялоонун ушундай касиетин тандап алат. Ал А.Стамовдун «Хан Тейишинде» жалпы Орто Азия чөлкөмүнө бүлүк салып, анда жашаган бөлөк улуттарга үстөмдүк жүргүзүү максатында аренага чыккан калмактардын бийлик түзүлүшүн, ошол эле мезгилде өз алдынча тиричилик кылуу үчүн күрөшкөн кыргыз, казак сыяктуу журттун тарыхый инсандарынын өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн баатырдыгын даректүү окуяларга байлап, ага жазуучунун өзүнүн көркөм элестөөсүн кошуп, романдык сюжетти түзүүгө бел байлаганынан даана көрүнөт. Бул проблеманы сапаттуу аткаруу максатында А.Стамов ири согуштарды кучагына алган тарыхый окуяларды ыңгайлуу пайдаланып, эгемендүүлүккө ээ болуу биздин ата-бабаларыбыз не бир кыйынчылыктарды башынан өткөргөнүн, бирде жеңип, бирде жеңилип, бирок майтарылбаган мүнөзүн көрсөтүү менен элдин эсинде сакталып калган учурлардын тарыхый элесин түзүүгө басым жасайт. Аны роман жанрына коюлган талаптардын чегинде карасак, басып алуучулуктун үстөмдүгүнө каршы турган абалда уюштурулган адам баласынын аракети, баскынчылардын мизин кайтаруу үчүн болгон күрөш, не бир чыгаан инсандардын өмүрүн алып, кээ бирде алар жасаган согуштук эрдиктердин шарданы менен далай иштер бүткөн болсо, алардын кызматы өз элинин тарыхына кандай салым кошуусу мүмкүн экенин ачып көрсөтүүнү да А.Стамов «Хан Тейиш» романынын башкы милдети деп эсептейт. Мунун өзү жазуучунун көркөм интерпретациясына тийиштүү чыгармачыл ойлоонун табиятын башка романдардан айырмалап турат, б. а. ошол доордон кыргыз элинин “үлүшүн” ачып берүүгө тиешелүү автордук чеберчилик эмнеде экенин аныктоого жол ачат.

Анын себебин жазуучунун көркөм интерпретациясынан издөө «Хан Тейиштин» адабий процесске алып келген жаңылыгы менен түшүндүрүлөт. Бул чыгарманын тарыхый мазмунун түзүп окурманга сунуштоо үчүн жазуучу бир катар изденүүлөрдү жүргүзгөнүн ал ушул чыгарманын «Бет ачаарында» эле кеңири түшүндүрөт. Тактап айтканда «Хан Тейиш» көркөм чыгарма катары өзүнүн алдына койгон миссиясын мына ушул бөлүмдө түшүндүрөт. Анын адабий коомчулук үчүн көтөргөн жүгү, ошол эле мезгилде кыргыз адабиятына алып келген жаңылыгы, чыгарманын тарыхый мазмунунда автордун кылган эмгеги - улуттук тарыхтын үзүл-кезил жактарын «кураштырып», окурман көз алдына элестетүү менен түшүнгүдөй деңгээлге ээ болгон көркөм-эстетикалык туундуну ишке ашыруу болуп саналат. Ал улуттун азаттыгы үчүн күрөшкөн тарыхый инсандардын баскан жолуна кайрылып, роман жанрынын табиятына ылайык

DOI:10.26104/IVK.2019.45



проблеманы чечүү иши менен коштолсо, жазуучулардын кимиси болбосун ага көркөм чындык аркылуу мамиле кыла турганы анык. Аны азыркы учурдун талабында аткаруу маселеси ал доор жөнүндө тарыхчылар тарабынан жазылган даректүү маалыматтарды эгемендүүлүккө ээ болгон элдин коомдук-саясий кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруу аракетинде гана болбостон, бир мезгилде болуп өткөн жандуу тиричиликтин реалдуу элесин түзүүгө керектүү чеберчиликтеги көркөм дөөлөттүн жазылышына басым коёт.

Мында тарыхый чыгарма жазууга аракеттенген жазуучунун милдети тарыхый мазмунга ээ көркөм чындыктын негизинде бүгүнкү күн үчүн керек болгон жактарын таап, өзгөчө андан кийинки муун ала турган руханий-нравалык, моралдык-этикалык жана тарыхый-эстетикалык касиеттердин үлгүсүн ачып көрсөтүү жумуштарын сапаттуу аткаруу да болуп саналат. Ар бир жазуучу мындай кырдаалга өз алдынча мамиле кылуу менен жеке дүйнө кабылдоосу иштеп чыккан көркөм чындыкты сюжет катары орун алган окуяларга жайгаштырып, анын негизинде улуттук тарыхта ири кубулуштарды жараткан коомдук-саясий, тарыхый-социалдык окуялардын жандуу элесин түзүүнү шарттап турган интерпретациялоонун өздүк белгилерин жаратууга багыт алуусу башкы орунга чыгат. Чыгарманы жаратууда авторго көркөм интерпретациялоонун бардык мүмкүнчүлүгүн пайдаланууга эркиндик болгону менен анын ийгиликке жетүүсү үчүн бир катар түйшүк талап кылына тургандыгы анык. Ал роман жанрында тарыхый инсандардын образын түзүү, аны ойдон чыгарылган түрдүү образдар менен тыкыс байланышта сүрөттөп берүү чеберчилиги менен ачыкталат.

Айтканга оңой болгону менен тарыхый романда доордун жандуу элесин түзүү чынында эле оор экени талашсыз. Жазуучу мында саясий маселелерге байланыштуу жолтоо болгон айрым тарыхый бурмалоолорго да каршы туруп, кээ бир жагдайларды туура таанып-билүүгө мүмкүн болгон сюжеттик окуяларды романдын идеялык мазмунуна кошуп, ошол мезгилдин жандуу жашоосун окурманга ачып берүүдө башка улуттар менен кыргыздар кандай карым-катышта туруп, өз ара байланышууда эмне деген дипломатиялык алака-мамилени түзгөнүн, ал түрдүү зарылдыкта баалуу кызматтарды көрсөтүп, доордун көркөм элесин түзүүдө күнүмдүк тиричиликтен тартып, согуштун аламаат окуяларына негизделген тарыхый мазмунга ээ кубулуштарды бир бүтүн сюжетке айландырууда автордук дүйнө кабылдоонун өздүк белгилерин роман жанрдык табиятын жеткиликтүү колдонууга да кеңири колдонууга жол ачкан.

**Адабияттар:**


1. Турсунов Э. Тарыхый роман эмне үчүн жазылат. Адабий Алатоо, 2005. - №2, октябрь. - 5-бет.
2. Казыбеков Ү. Улуттук жазма прозанын башаты. // Ала Тоо, 1991, №7, 144-152-беттер.
3. Стамов А. «Хан Тейишке» чейинки сапар. Китепте: Стамов А. Хан Тейиш: Тарыхый роман. - Б.: Бийиктик, 2012. - 3-бет.